## БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН 7 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ 11- ОТУРУМУНУН  Т О К Т О М У

2022-жылдын 28-сентябры   №11/3   Кайнама айылы

**Будалык айыл өкмөтүнө караштуу Оро-Дөбө айылындагы Гүлчө айыл өкмөтү менен чектешкен Конолго чаты участкасындагы Ош-Сары-Таш – Эркечтам автожолунун 84-чакырымындагы Гүлчө дарыясынын жээгинде жайгашкан жер участогун муниципалдык менчикке бекитип берүү жөнүндө**

Будалык айылдык кеңешинин отуруму **токтом кылат :**

1. Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 13-беренесинин 3-пунктун, 25-берененин 3-пункту жана 32-берененин 4-пунктунун негизинде, Будалык айыл өкмөтүнө караштуу Оро-Дөбө айылындагы Гүлчө айыл өкмөтү менен чектешкен Конолго чаты участкасындагы Ош-Сары-Таш-Эркечтам автожолунун 84-чакырымындагы Гүлчө дарыясынын жээгинде жайгашкан 6,81 га жер аянты муниципалдык менчикке бекитилип берилсин жана алай райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 16-сентябрындагы №01-12/14 токтому аткарууга алынсын.
2. Жер аянтын чектеп тиешелүү иш кагаздарын даярдап берүү жагы “Кадастр” мамлекеттик ишканасынын Алай филиалынан суралсын.
3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

**Будалык айылдык кеңешинин төрагасы:** **У.Арапбай уулу**